Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясынын

№ 5 ЧЕЧИМИ

20.03.2022-жыл Таш-Көмүр шаары

Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин депутаттары А.Шералиева, М.Кунасов, Ж.Мырзаканов, А.Мамасалиева, С.Сарбагышева, А.Шабданова жана К.Тостоковдордун "Жаштар" саясий партиясынан талапкер С.Кудайбердиевдин талапкерлигин жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоосунан четтетүү боюнча" жазган каты жөнүндө.

Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясына Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин депутаттары А.Шералиева, М.Кунасов, Ж.Мырзаканов, А.Мамасалиева, С.Сарбагышева, А.Шабданова жана К.Тостоковдордун "Жаштар" саясий партиясынан талапкер С.Кудайбердиевдин талапкерлигин жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоосунан четтетүү боюнча" арызы келип түшкөн.

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесин 4-пуктун жана 53-беренесинин 4-пунктун жетекчиликке алып, Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясы

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

6. Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесинин 4-пункту жана 53-беренесинин 4-пункту бузулбагандыгы белгиленсин.
7. Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин депутаттары А.Шералиева, М.Кунасов, Ж.Мырзаканов, А.Мамасалиева, С.Сарбагышева, А.Шабданова жана К.Тостоковдордун "Жаштар" саясий партиясынан талапкер С.Кудайбердиевдин талапкерлигин жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоосунан четтетүү боюнча" жазган арызын канааттандыруудан баш тартылсын.
8. Арызда көрсөтүлгөн "Жаштар" саясий партиясынан көрсөтүлгөн талапкер С.Кудайбердиевдин талапкерлиги калтырылсын.
9. Арыз ээлери Таш-Көмүр АШКсынын чечимине канааттанбаса тиешелүү органдарга кайрылуу жагы сунушталсын.
10. Чечимдин көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына маалымат үчүн жөнөтүлсүн.

Таш-Көмүр аймактык

шайлоо комиссиянын төрагасы: Т.Тургунбаев

Таш-Көмүр аймактык

шайлоо комиссиянын катчысы: Б.Дуйшебаева

Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясынын жыйынын

№6 Протоколу

20.03.2022-жыл Таш-Көмүр шаары

Катышты:

БШКсынын атайын өкүлү К.Шадыбеков.

АШКсынын комиссиянын курамы:

Т.Тургунбаев, Б.Дуйшебаева, К.Суеркулов, Р.Турдиева, Г.Аширова, У.Кулибаев, С.Шаматов, Е.Юрченко.

Арыздын ээлери:
М.Кунасов, А.Мамасалиева, А.Шералиева

"Жаштар" саясий партиясынын шайлоо боюнча өкүлү А.Усекеев, талапкер С.Кудайберидев,

Күн тартиби:

1. Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин депутаттары А.Шералиева, М.Кунасов, Ж.Мырзаканов, А.Мамасалиева, С.Сарбагышева, А.Шабданова жана К.Тостоковдордун "Жаштар" саясий партиясынан талапкер С.Кудайбердиевдин талапкерлигин жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоосунан чететтүү боюнча" жазган каты жөнүндө.

Угулду: Күн тартибиндеги маселе боюнча аймактык шайлоо комиссиянын төрагасы Т.Тургунбаев чыгып, жыйынды ачып, күн тартибиндеги маселеге токтолуп, Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин депутаттары А.Шералиева, М.Кунасов, Ж.Мырзаканов, А.Мамасалиева, С.Сарбагышева, А.Шабданова жана К.Тостоковдордун "Жаштар" саясий партиясынан талапкер С.Кудайбердиевдин талапкерлигин шайлоодон четтетүү боюнча" жазган каты менен отурумдун катышуучуларын тааныштырды. Андан кийинки сөздү БШКсынын атайын өкүлү К.Шадыбековго берди.

К.Шадыбеков - БШКсынын атайын өкүлү

Урматтуу бүгүнкү отурумдун катышуучулары, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин депутаттары А.Шералиева, М.Кунасов, Ж.Мырзаканов, А.Мамасалиева, С.Сарбагышева, А.Шабданова жана К.Тостоков кат менен кайрылышкан. Ал каттын көчүрмөсү БШКсынан Таш-Көмүр АШКсына кароо үчүн жөнөтүлгөн. Катта көрсөтүлгөн мыйзам бузууларды кароо жагы Таш-Көмүр АШКсынын компетенциясына кирбейт. 04-март 2022-жылдан чыгарылган "С.Кудайбердиевдин шаардык Кеңешинин төрагалыгын убактылуу токтотуу боюнча" №7 буйругунун түп нускасы АШКсына "Жаштар" саясий партиясынын шайлоо боюнча атайын өкүлү тарабынан алып келинип тапшырылган. АШКсы келген кагаз менен иш алып барат. Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесинин 4-пунктуна ылайык мыйзам бузулган эмес. Сиздер тарабынан жөнөтүлгөн буйруктун көчүрмөсү ким тарабынан чыгарылгандыгын, ким бергендигин аныктоо үчүн тийиштүү органдарга кайрылууга акылуусунар. АШКсы тарабынан эч кандай мыйзам бузуу болгон жок.

А.Шералиева – арыз ээси

Эмне үчүн 09-мартта кайра эле ушул кандидатка буйрук чыгарып жатат. 2022-жылы 10-мартта өткөн сессия мыйзамдуубу же жокпу. Бизде ушул эле суроо болуп жатат.

К.Шадыбеков - БШКсынын атайын өкүлү

Мен эч кимге тартпайм жана мыйзам чегинде жумуш алып барам. Менин колумда 2022-жылы 04-мартта чыккан буйрук турат. Партиянын шайлоо боюнча өкүлү бизге оригинал буйрук алып келип жатат. Мен дагы бир жолу айтып жатамын, АШК сиздердин койгон талабынарды тескей турган орган эмес. Аны карай турган укук коргоо органдары бар.

А.Мамасалиева – арыз ээси

Биз көрсөткөн буйрукта шаардык Кеңештин төрагасынын кол тамгасы мөөрү коюлган. Бул буйрук депутаттардын телефондогу группасында жүрөт.

М.Кунасов – арыз ээси

Биз тараптан АШКсына эч кандай арыз дообуз жок. бул жерде АШКсынын күнөөсү жок. Биздин сураганыбыз 2022-жылы 10-мартта өткөн сессия мыйзамдуубу же мыйзамдуу эмесин.

К.Суеркулов – АШКсынын мүчөсү

Биз сиздер тарабынан берилген кат боюнча текшерүү жүргүзүүгө акыбыз жок. АШКсы шайлоону даярдайт жана өткөрөт, келген документтерди кабыл алат.

Жогорудагы сунуштарды эске алып, Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясынын жыйыны

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесинин 4-пункту жана 53-беренесинин 4-пункту бузулбагандыгы белгиленсин.
2. Таш-Көмүр шаардык Кеңештин депутаттары А.Шералиева, М.Кунасов, Ж.Мырзаканов, А.Мамасалиева, С.Сарбагышева, А.Шабданова жана К.Тостоковдордун "Жаштар" саясий партиясынан талапкер С.Кудайбердиевдин талапкерлигин жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоосунан четтетүү боюнча" жазган арызын канааттандыруудан баш тартылсын.
3. Арызда көрсөтүлгөн "Жаштар" саясий партиясынан көрсөтүлгөн талапкер С.Кудайбердиевдин талапкерлиги калтырылсын.
4. Арыз ээлери Таш-Көмүр АШКсынын чечимине канааттанбаса тиешелүү органдарга кайрылуу жагы сунушталсын.
5. Чечимдин көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына маалымат үчүн жөнөтүлсүн.

Комиссиянын төрагасы: Т.Тургунбаев

Комиссиянын катчысы: Б.Дуйшебаева

Мүчөлөрү:

_______________ К.Суеркулов

_______________ Г.Аширова

_______________ Р.Турдиева

_______________ С.Шаматов

_______________ Е.Юрченко

_______________ У .Кулибаев